Бекитемин
Директор: М.С.Турунов

## Мээнеткеч айылындагы Асан Жапсейитов атындагы орто мектеби

## Педагогикалык жамааттын эмгекти коргоо жана коопсуздук техникаларынын эрежелерин сактоо инструктажы

1.Окуучулардын жана өзүнүн өмүрүн жана ден соолугун сактоо үчүн сабак өтүү мезгилинде,экскурсияда,коомдук пайдалуу жана өндүрүмдүү эмгектерде жана башка иштерде коопсуздук техникасынын эрежелерин аткаруу жана аткаруу тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзөт.

2.Коопсуздук техникаларын билбей туруп ал курал менен иштөөгө тыюу салынат.Ар бир куралдын өзгөчөлүгүн,жергиликтүү шартын эске алып ар кандай куралдар менен иштөө эрежесин түзүп аны мектептин директору жана профсоюз уюму бекиткенден кийин сабак өтүүчү класстын көрүнүктүү жерине илип коюу керек.

3.Окуу-тарбия процессинде коопсуздук шартын түзүп берүү, окуу планы боюнча жүргүзүлгөн сабактарда коопсуздук журнал толтурат.Класстан жана мектептен тышкаркы учурда өрт коопсуздугунун эрежелерин,жолдо жүрүү,көчөдөгү тартип,сууда сүзүү жана ушу сыяктууларга коопсуздук техникасы боюнча инструктаж өткөрүп атайын журналга кол койдуруп алат.

4.Мектепте бардык окуучуларга өрттөн сактануу эрежесин сактоодо,жол кыймылында,көчөдө,сууда жана башка жерлерде балдардын өздөрү биринчи ирээтте коопсуздук эрежелерин сактоого милдеттүү экендиги жөнүндө окуучуларды тарбиялайт.

5.Эгерде иштеп жаткан техникалык каражатта кандайдыр бир туура иштебеген участок болсо,биринчи ирээтте,ток булагынан ажыратып ,андан кийин гана ондоого уруксаат берилет.

6.Кээ бир техникалык каражаттарды колдонууда,ошол курал жайланышкан жерде розетка жок болгондугуна байланыштуу узун зымга туташтырылган розетканы колдонууга туура келет.Мындай учурда окуучулар чалынып албагандай кылып жайланыштыруу керек.

7.Проектр жана башка техникалык каражат иштеп жаткан учурда аны кароосуз калтырууга болбойт.